***DOI:10.26104/NNTIK.2023.86.14.063***

***Мурзабаева Б.Б., Заилова Ж.Ж., Абдибалиев Э.А.***

# ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ АРКЫЛУУ БАЛДАРДЫН КООМДОГУ ЖҮРҮМ-ТУРУМУН ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

***Мурзабаева Б.Б., Заилова Ж.Ж., Абдибалиев Э.А.***

# ФОРМИРОВАНИЕ ПОВЕДЕНИЯ И ЭКОЛОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ ДЕТЕЙ В ОБЩЕСТВЕ ЧЕРЕЗ ЭСТЕТИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ

***B. Murzabaeva, J. Zailova, E. Abdibaliev***

# FORMATION OF BEHAVIOR AND ECOLOGICAL CULTURE OF CHILDREN IN SOCIETY THROUGH AESTHETIC EDUCATION

*УДК: 374.32/37.036*

*Макалада жаш муундарды, окуучуларды окутуу процессинде эстетикалык, адеп-ахлактык тарбиялоо канчалык маанилүү экендиги көрсөтүлдү. Окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандырууда эстетикалык тарбиянын мааниси белгиленди. Эстетикалык тарбиялоо – адамдын чыгармачыл ишмердүүлүгүнүн калыптанышына чоң түрткү берип, эмоционалдык жана физикалык активдүүлүктү жогорулатат-деген ойго көңүл бурулат. Качан гана эстетикалык тарбия мектептерде комплекстүү жүргүзүлгөндө гана, башкача айтканда анда адабият, сүрөт, музыка, кол өнөрчүлүгү сыяктуу эстетикалык циклдеги сабактар менен класстан тышкаркы иштер, туристтик-экскурсиялык жүрүштөр, концерттер, спектаклдер, ийримдер, ата-эне, коомчулук, бүт айлана-чөйрө балага оң таасир эткенде гана эстетикалык тарбиялоо өз үзүрүн көрсөтөрү айтылды. Бүгүнкү күндөгү глабалдуу көйгөйлөрдүн – экологиялык көйгөй. Аны чечүүдө мектеп окуучуларынан баштап экологиялык маданиятты калыптандыруу маселеси каралады.*

***Негизги сөздөр**: эстетикалык тарбиялоо, экологиялык маданият, көркөм сүрөт искусствосу, көркөм эстетикалык билим берүү, чебер, жаратылышты коргоо, коом, инсан, тарбия иштери.*

*В статье показано, насколько важно эстетическое и нравственное воспитание в процессе обучения подрастающего поколения и учащихся. Отмечена важность эстетического воспитания в формировании экологической культуры учащихся. Уделяется внимание идее, что эстетическое воспитание дает большой импульс формированию творческой активности человека, повышает эмоциональную и физическую активность. Только тогда, когда эстетическое воспитание осуществляется в школах комплексно, то есть включает в себя уроки эстетического цикла, такие как литература, искусство, музыка, а также внеклассные занятия, туристско-экскурсионные мероприятия, концерты, спектакли, кружки, родители, общественность, вся окружающая среда. Говорили- отмечалось что эстетическое воспитание покажет свои результаты только в том случае, если оно окажет положительное влияние на ребенка. Одной из глобальных проблем современности является экологическая проблема. При ее решении рассматривалась проблема формирования экологической культуры начиная со школьников.*

***Ключевые слова:** эстетическое воспитание, экологическая культура, изобразительное искусство, художественно-эстетическое воспитание, мастер, охрана природы, общество, личность, образовательная деятельность.*

*The article showed how important aesthetic and moral education is in the process of teaching young generations and students. The importance of aesthetic education in the formation of environmental culture of students was noted. Attention is paid to the idea that aesthetic education gives a great impetus to the formation of creative activity of a person and increases emotional and physical activity. Only when aesthetic education is carried out comprehensively in schools, that is, it includes lessons in the aesthetic cycle, such as literature, art, music, crafts, and extracurricular activities, tourist-excursions, concerts, performances, circles, parents, the community, the whole environment. It was said that aesthetic upbringing will show its results only if it has a positive effect on the child. One of today's global problems is the environmental problem. In solving it, the problem of formation of environmental culture starting from school children was considered.*

***Key words:** aesthetic education, ecological culture, fine art, artistic aesthetic education, master, nature protection, society, personality, educational activities.*

Бүгүнкү күндө өсүп келе жаткан жаш муундардын тарбиясына олуттуу көңүл буруу замандын талабы болуп жатат. Анткени жаңы технологиянын өнүккөн заманында жашап жаткан балдардын адеп- ахлактык, эстетикалык тарбиясына көңүл буруу, күчөтүү менен эртеңки мыкты келечекти тарбиялайбыз. Азыр коомдук аң-сезим олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болууда, жаш муундардын интернет айдыңында жашоосу маданиятты калыптандыруу, жаштарды тарбиялоо жана алардын моралдык-эстетикалык дөөлөттөрүн өнүктүрүү, адеп-ахлактык, этнопедагогиканын элементтери менен тарбиялоо маселелерине көңүл буруу зарылдыгын жаратууда.

Эстетикалык тарбиялоо – көркөм өнөр чыгармаларындагы, табияттагы жана өз турмушундагы кооздукту сезе жана туя билүү сезимдерин эстетикалык кабылдоо жана түшүнүү үчүн инсандын идеалдарын жана табитин атайын максатка ылайык калыптандыруу боюнча жүргүзүлгөн таалим-тарбия иштеринин тутуму.

Байыркы Грецияда жаралган философия ой эстетикалык тарбиянын каражаты катары биринчи орунга музыканы койгон да, адамдын эстетикалык табитинин өсүшүнө бирден бир таасир кылган нерсе музыка деп эсептешкен. Бул көз карашты бир кыйла кеңейтип, Аристотель адабият менен театрды кошкон. Адамзат тарыхында ар кыл мезгил, ар кыл багыттар эстетикалуулук жана көркөмдүүлүк, сулуулук жана куниктик, көтөрүңкүлүк жана пастык, баатырдык жана коркоктук, кайгылуулук жана комедиялуулук тууралуу өз түшүнүктөрүн жаратКАН. Ошол сыңары

эстетикалык тарбия тарбиянын башка түрлөрү (ыйман-адептик, укуктук, патриоттук, саясий, экологиялык, эл аралык бирикмелик, көркөмдүк, эмгектик ж.б.) менен байланыштуу өз милдетин бирдикте жүргүзөт. Табияттагы жана турмуштагы, адамдагы кооздукту айырмалай билүү, жаратылышка жандуудай мамиле кылуу, көркөм өнөрдөгү бийик деңгээлдеги чыныгы чыгарма менен халтураны айра билүү, классикалык искусстводон рухий азык табуу эстетикалык тарбияга ээ болгон инсандарга гана таандык касиеттерден болуп саналат [3].

Биз эстетикалык тарбия аркылуу балдардын коомдогу жүрүм- турум маданиятын калыптандыруу маселесине токтообуз. Качан гана эстетикалык тарбия мектептерде комплекстүү жүргүзүлгөндө гана, б. а. анда адабият, сүрөт, музыка, кол өнөрчүлүгү сыяктуу эстетикалык циклдеги сабактар менен класстан тышкаркы иштер, туристтик-экскурсиялык жүрүштөр, концерттер, спектаклдер, ийримдер, ата-эне, коомчулук, бүт айлана-чөйрө балага оң таасир эткенде гана эстетикалык тарбиялоо өз үзүрүн көрсөтөт. Эстетикалык тарбия үзүрүн көрсөткөн инсан ыймандуу болот, экологияны да сактайт, маданияттуу да, билимдүү да адам катары дүйнөнүн асылдыгын, кооздугун өнүктүрүүгө салым кошот жана кооздуктун, сулуулуктун мыйзамдары аркылуу чөйрөгө жана коомго таасирин тийгизет деп ойлобуз. Эстетикалык тарбия - адамдын объективдүү чындыкка карата болгон белгилүү эстетикалык мамилесин калыптандыруу. Эстетикалык тарбия берүү процессинде белгилүү коомдогу эстетикалык баалуулуктардын дүйнөсүнө берилүүчү мүнөздөмөлөргө ылайык инсандын ошол баалуулуктарга карата туура багыты иштелип чыгууга тийиш. Сулуулук – адеп-ахлактын тазалыгынын руханий байлыктын, дене жагынан өркүндөгөндүктүн күчтүү булагы. Эстетикалык тарбиянын негизги милдети – сырттан курчап турган дүйнөдөгү (табияттагы, көркөм өнөрдөгү, адамдардын мамилесиндеги) руханий асылзаттыкты, боорукердикти, ак ниеттүүлүктү көрө билүүнү үйрөнгөн бала ошолордун негизинде өзүндөгү сулуулукту түптөөгө умтулуусуна жетишүү болуп саналат. Инсандын эстетикалык талаптарынын, сезимдеринин, эстетикалык баалоолорунун байлыгынын эң негизги шарты болуп анын интеллектуалдык жактан терең жетилүүсү эсептелет. Ошондуктан эстетикалык тарбиянын максаты баланы дүйнөлүк маданияттын жетишкендиктери, адамзаттын маданий баалуулуктары менен тааныштыруу болуп эсептелет [2].

Эстетикалык тарбия – адамдын курчап турган дүйнөнүн кооздугун кабыл алуу жөндөмүн, искусствону жана аны жаратуу чеберчилигин калыптандырууга таасир этүүчү максаттуу, аң-сезимдүү жана системалуу процесс.

Балдардын мектептен алган эстетикалык тарбиясы келечектеги коомдун дүйнө таанымы менен тыгыз байланышта. Окуучуларга искусстводо чагылдырылган адамзаттын мурастарын, тажрыйбасын ачып берүү менен биз коомдун жетилген, аң-сезими бийик адеп-ахлактык баалуулуктарга ээ, сапаттуу билимдүү, ар тараптуу өнүккөн коомдун мүчөсүн калыптандырууга мүмкүнчүлүк алабыз. Эстетикалык тарбиянын да коомдук мааниси бар: дал ушул искусство аркылуу рухий тажрыйбанын, эмоционалдык-нарктык мамилелердин тажрыйбасын муундан муунга өткөрүп берүү ишке ашырылат.

Эстетикалык тарбия – инсандын өнүгүүсүнүн фактору жана тарбия процессинин бардык башка элементтеринин өнүгүшү.

Мектепте эстетикалык тарбия 1-класстан баштап эле эне тилин, жаш курагына ылайыктуу адабий чыгармаларды, музыка, сүрөт, мекен таануу, адабий окуу сыяктуу сабактарды үйрөнүүдөн башталат. Окуу планы искусствонун ар кандай түрлөрү менен таанышууну, эстетикалык кабылдоо жана эстетикалык ой жүгүртүү көндүмдөрүнө ээ болууну камтыйт. Албетте, бул жерде мугалимдин чебер даярдыгы: кийген кийиминен тартып сулуу, таза, тыкандыгы, өзүн алып жүрүү маданияты, сүйлөгөн сөзү, сулуу кол жазмасы, адабий чыгармаларды көркөм окуй билүү, ой-сезимдерин билгичтик менен айта билүү, көркөм сүрөт жана музыкалык өнөрдүн чеберчилиги өтө маанилүү. Ошондуктан М. Байымбетов*: «Мугалимдик кесип –* пакизалыктын, мамилелешүүнүн, *бала* алдында күн сайын сыноодо туруунун, өмүр бою сооп жыйноонун кесиби» - деп айтып кеткендей эстетикалык маданиятты калыптардырууда алгач, биз өзүбүздүн жүрүм турумубуз, сүйлөгөн сөзүбүз, жасаган жумушубуз менен үлгү боло тургандай болушубуз керек [2].

Көркөм кабыл алуу чеберчилигин өнүктүрүү үчүн адабий же музыкалык чыгармаларды, көркөм сүрөт чыгармаларын изилдөөдө салыштыруу техникасы эффективдүү.Окуучуларды көргөн-уккандарына баа берүүгө, өз оюн айтууга түрткү берүү керек. Башында силерге эмнеси жакты, кайсы чыгарма кызыктуураак болду, жана башка ушул сыяктуу жетектөөчү суроолор менен күрөшүүгө жардам берет. Бул ыкма түшүнүүгө жана кабылдоону курчутууга түрткү берет. Эстетикалык тарбиянын элементтерине ырларды жаттоо, аларды жарыялоо жана коллективдүү талкуулоо да кирет.

Жаратылыш эстетикалык тарбия берүүнүн эң жакшы каражаттарынын бири. Анткени андагы кооздуктар окуучуларга табигый байлыкты жана көп түрдүүлүктү кабыл алууга жана пайда болгон эмоцияларды сезүүгө үйрөнүүгө жардам берет. Аны биз окуучуларды эксурсияга алып чыгып, жаратылыш кубулуштарына байкоо жүргүзүү, гербарий түздүрүү, сүрөт көргөзмөсүн уюштуруу аркылуу билсек болот. Ошону менен бирге айрыкча жаратышылы эң кооз болгон Кыргызстандын экологиясын негиздерин үйрөтүү менен мекенбизде болгон жаратылыштын белектери:

өсүмдүктөрү, жаныбарлары, канаттуу- куштары жана бакаларга кам көрүү менен муктаждыгын жана жөндөмдүүлүгүн бир эле учурда өнүктүрүүгө болот. Демек, мында экологиялык маданият калыптанат.

Экологиялык маданият – бул билимдердин, көндүмдөрдүн, баалуулуктардын жана адамдык багыттардын системасы илим, искусство, ишеним, үрп-адат жана каада-салт жаатында, ошондой эле айлана-чөйрөнү сактоо жана жакшыртууда жигердүү иш алып баруу [1].

Мектеп окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандыруунун бир нече жолдору бар. Биз экскурсиянын ролун карап көрөлү. Мында окуучулардын эстетикалык, экологиялык маданияты калыптандыруунун максаты төмөнкүдөй:

- окуучулардын жаратылыш, аны коргоо жана сактоо ыкмалары жөнүндө билимдерин байытуу;
- жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу принциптерин изилдөө;
- окуучуларда жеке сапаттарды тарбиялоо, мисалы: жоопкерчилик, милдет, орточо керектөө, сарамжалдуулук жана башка. Мында эс алуу менен бирге табият менен таттуу мамиледе болууга, мекендин байлыгын таанып-билүүгө шарт түзөт.

Эстетикалык маданиятты өнүктүрүү боюнча тарбия иштери мектептеги окуунун бүткүл мезгилинде улантылат. Жогорку мектепте бул жогорку деңгээлде болот. Башталгыч мектепте башталгыч идеяларды, ой-пикирлерди калыптандыруу, ал эми жогорку класстарда окуучулар искусствону терең түшүнүүгө ээ болушат.

Ошондой эле эстетикалык тарбиянын ажырагыс бөлүгү болуп сезимдерди билдирүү маданиятын, тартипти жана тактыкты сактоодо туюнтулган жүрүм-турумдун эстетикасын тарбиялоо болуп саналат. Бул окуучуларга класста да, сабактан тышкары да баса белгилениши керек. Окуучуларга башка коллективдин мүчөлөрүнө карата достук мамиле, башка көз караштарды урматтоо, китептерге, окуучуларга, мектеп мүлкүнө аяр мамиле жасоо керек. Жүрүм-турум эстетикасынын методдору этикет, сөз маданияты, сырткы көрүнүш, жүрүм-турум нормалары жөнүндө сүйлөшүү. Бул жерде маданият өкүлдөрү менен жолугушуулар натыйжалуу болушу мүмкүн.

Сабак жөнүндө сөз кылганда биз илимди изилдөөнү көбүрөөк эске алабыз, ошондуктан класстан тышкаркы иштерде таза эстетикалык мазмунга көбүрөөк убакыт бөлүү абдан маанилүү. Мунун эң эффективдүү жана жеткиликтүү куралы болуп көркөм кабылдоону да, эмгек жөндөмүн да өнүктүрүүнү камсыз кылган түрдүү багыттагы ийримдер эсептелет. Практикалык иш-чаралар балдарга дүйнөнүн көп түрдүүлүгүнө ар түрдүү өңүттөн кароого мүмкүнчүлүк түзүп, аларда эмгектин ырахатын, чыгармачылыкка болгон умтулуусун ойготот. Мындан тышкары, баланын кызыгуусуна ылайык ийримдер анын бош убактысын уюштурууга жардам берет. Айлана-чөйрөнү таанып-билүүнүн жана чагылдыруунун активдүү ыкмасы болгон эстетикалык ой жүгүртүүнү тарбиялоодо ышкыбоздук чыгармачылыктын орду чоң. Иштин бул түрүндө балдар өзүн-өзү көрсөтүү жана өзүн-өзү ырастоо зарылдыгын түшүнүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

Көркөм чыгармачылык мамилелердин тажрыйбасын жана жеке тажрыйбаны байытат, бул искусствону кабыл алуунун тереңдигине жана анын маанисинин олуттуулугун аңдап билүүгө таасирин тийгизет. Баланын эмоционалдык чөйрөсү жана анын фантазиясы музыкалык, визуалдык, адабий же театралдык чыгармачылык процессинде олуттуу түрдө өнүгөт. Сезимдердин диапазону жана аларды сезүү жөндөмдүүлүгү мектептен тышкары толук убакытта иштеген балдарда жогорку деңгээлде.

Эстетикалык тарбия боюнча класстан тышкаркы жана класстан тышкаркы иштер натыйжалуу болушу үчүн жалпы билим берүү процессине шайкеш келиши керек.

Агартуучулар да көркөм өнөрдүн тарбиялык мааниси өтө чоң деп эсептешкен. Адептүүлүк тарбиядагы жана өтө күчтүү көркөм табитти калыптандыруудагы эң негизги ролду сүрөтчүлүк өнөрү менен театрга ыйгарышкан. Эстетикалык тарбияны бүткүл коомдук милдети, инсанды жетилдирүүнүн, анын граждандык жана адеп-ахлак сапаттарын калыптандыруу. К.Д. Ушинский эстетикалык билим берүүдө эстетикалык тарбия берүү принциптерин иштеп чыккан.

Эстетикалык тарбия – чыныгы инсанды калыптандыруунун эң зарыл составдуу бөлүгү болуп эсептелет. Мектеп жана үй-бүлөнүн негизги милдети – балдарды жашынан эле сырткы дүйнөдөгү, табияттагы, коомдук мамилелердеги сулуулуктарды түшүнө билүүгө үйрөтүү болуп эсептелет. Чыныгы сулуулукту кабыл алуу жана түшүнүү – бул эстетикалык билимдин негизи жана өзөгү,ансыз ар кандай көркөм коoздукка маани бере турган адамдын сезиминин, эстетикалык маданияттынын чордону. Ошондуктан баланын жашоо турмушунун бүт чөйрөсү — анын акыл жана күч эмгеги, чыгармачылыгы, коомдук ишмердүүлүгү, эстетикалык-нравалык мамилелери, достугу, сүйүүсү – чыныгы сулуулукту туура баалап, аны этияттап коргоо, сактоо деген ой аң-сезиминен орун алуусу керек.

Мектепте эстетикалык тарбияны уюштурууну туура жолго коюп, өз иш тажрыйбасынын кыскача мазмунун баян эткен В.А. Сухомлинский мындай деп жазат: «Адам өз колу менен биринчи эмгек куралдарын жасагандыгы менен гана айбанат дүйнөсүнөн бөлүнүп чыгып, бары жокко жөндөмдүү жаныбарга айланган эмес. Ал көк асмандагы мелтиреген түрдүү

түстү, жымыңдаган жылдыздарды, танкы күн чыгаардагы адамды магдыраткан кооздукту, бүркөлүп ачылаардагы күндүн манаттай кызарып батышын, мемиреген учсуз, чексиз талааны, мелтиреген көк асмандагы шурудай тизилген каркыралардын учканын, эрте мененки мөлтүрөгөн тунук шүүдүрүмдөгү күндүн чагылышы, күзгү бүркөө күндөгү уй түгүлөп жааган майда жамгырды, байчечекейлердин назик сабагы менен коңгуроо кейиптүү жашыл гүлдөрүн көрө алган. Көрүп, аларга суктануу менен өзүнүн сулуу кооздуктарын жарата баштаган. Сен да ошол сулуулуктарга карап тандана алсаң, сенин жүрөгүңдө да сулуулук гүлдөй ачылат. Адам ушинтип адам болгон [4].

Сулуулукту көрүп, сезе биле турганды үйрөтүү, мындай жөндөм ойгонгондон кийин жан дүйнөдөгү таңдануу менен айкөлдүк касиетти бүт өмүрү бою сактап калууга үйрөтүү мугалим менен ата-эненин негизги милдети.

Мектеп эстетикалык тарбияны максатка ылайык, белгилүү системада жүргүзүүгө тийиш. Мектептеги эстетикалык тарбия көркөм өнөрдүн чыгармаларындагы илеялык жана көркөмдүк биримдүүлүк принцибине негизделет. Бул көркөм өнөр каражаты менен эстетикалык жана нравалык тарбияны бирдей ишке ашырууну талап кылат. Бул приниипти кыйшаюусуз жетекчиликке алуу менен чыныгы көркөм өнөрдүн чыгармаларын жасалма чыгарма сөрөйлөрдөн ачык ажырата билүүгө өбөлгө түзө турган туруктуу идеялуулукту жана терең ишенимди окуучуларда калыптандыра алабыз [3].

Инсанды калыптандыруудагы илим менен көркөм өнөрдүн ага тийгизген таасиринин байланыштуулук принциби да эстегикалык тарбия калыптандырат. Азыркы мектептерде көркөм адабий студиялар, мектеп театрлары, музыканы, сүрөт өнөрүн сүйүүчүлөрдүн клубу, кечелер, концерттер ж.б. кеңири жайылган. Эстетикалык тарбия адеп тарбиясы менен өтө тыгыз байланышта. Кээде бул экөөнүн арасындагы чек байкалбай да калат. Адам коомунун маданий деңгээли жогорулаган сайын бул чек жоюла берүүгө тийиш. Бара-бара адамдын эстетикасы анын этикасына айланып калууга тийиш. Мектептеги бардык предметтерди окутууда эстетикалык тарбия ишке ашырылат. Башталгыч класстарда эле бала сулуу жазууга, сөздөрдү так айтып, сүйлөп, үн кубулта окууга үйрөнүшөт. Жакшы уюштурулган көркөм окуу башталгыч класстын окуучуларына эстетикалык тарбия берүүдө чоң роль ойнойт.

Музыка да инсандын руханий өсүүсүндөгү лирикалык поэзиядан кийинки этап болуп эсептелет. Ал адамдын нравалык, эмоционалдык жана эстетикалык чөйрөсүн бириктирет. Адамдын жан дүйнөсүндөгү сүйүнүчү, ызасы, максаты музыка аркылуу мүнөздөлөт. Ошондуктан тарбия берүүдө музыканын да орду өтө чоң. Кыргыз эли да эзелтен тарбияны музыка менен айкалыштырып берген. Алдей ырлары, эмгек ырлары, сүйүү ырлары деги баарында тарбиянын кенен мааниси камтылган. Чоордо ойнолгон эң жөнөкөй обон музыкалык маданиятка булбул менен торгойдун ажайып сайраган үнүнөн миң эсе жакын. Табияттын музыкасын угуузуудан балдарды жашынан музыкалык аспаптарда ойноону үйрөтүүгө, музыканы угузуп, музыкалык чыгармачылыкка алып баруу зарыл. Д. Кабалевский айткандай, музыка адамдын жашоосуна кошумча эмес, ал жашоонун өзү. Адам музыканы канчалык көп угуп, өзү тынымсыз кыңылдап ырдап жүрсө гана, анын бүт инсандык сапаттары өсүп, шык, таланттары оожалат. Улуу Ч. Дарвин: «Эгерде мен жарык дүйнөдө кайрадан дагы бир жолу жашап калсам, эң жок дегенде аптасына бир жолу бир нече ыр окушту жана музыка угушту эреже кылып алат элем. Ушундай үзгүлтүксүз көнүгүүнүн натыйжасында азыркы мээмдеги шал болуп калган бөлүктөрдөгү активдүүлүктү мүмкүн сактап калаар белем. Бул табитти жоготуу бакытты жоготууга барабар эмеспи, мүмкүн акыл жөндөмүнө, андан да көбүрөөк адеп-ахлагыма мунун зыяны тийип жаткандыр» - деген ойду айтат [5].

Жыйынтыктап айтканда эстетика окуучулардын, жалпы эле адамдын жүрүш-туруш маданияты менен өтө тыгыз байланышта. Сылыктык, кичи пейилдик, жөнөкөйлүк, жупунулук, айкөлдүк өңдүү адамдагы касиеттер жашоону кооздойт, адамдардын көңүлүн көтөрүп, бактылуу кылат. Элдин көз алдында инсандын зоболосун бийик көтөрөт. Эстетикалык табити өскөн адам гана эне тилин жакшы билип, аны ыйык тутат. Эне тилин урматтаган, анын бай арсеналын мыкты пайдалана билген киши гана башка тилдерди да жакшы билип, ал элдин маданиятын, тарыхын өздөштүрүп, ал элдин өкүлдөрүнө сый урмат менен мамиле жасоого, ал элдин маданий баалуулуктарына башын ийип таазим кылууга умтулат. Өзүнүн жүрүш-турушу менен тегерегиндегилер үчүн ыңгайсыз кырдаал түзбөөгө далалаттанат. Андыктан, ар бир мугалим өз сабагына туура максат коюп, эстетикалык тарбияны камтып кетсе, сабак өз максатына терең жетет деп ойлойбуз.

**Адабияттар:**


1. Арустамов Э.А., Гильденскиольд С.Р. Анализ экологического состояния Московской области в год экологии России // Интернет-журнал «Науковедение». Т.9, №2 (2017) http://naukovedenie.ru/ PDF/85TVN217. pdf (доступ свободный). Загл. с экрана. яз. рус., англ.
2. Апыш Б., Бабаев Д., Жоробеков Т. Педагогика. - Б., 2002.
3. Харламов И.Ф. Педагогика. - М., Гордарика, 2002.
4. Сластенин В.А., Исаев И.Ф., Шиянов Е.Н. Педагогика. - М., Академия 2006.
5. Ситаров В.А. Дидактика. - М.: Академия, 2002.
6. Заилова Ж.Ж. Роль навыков понимания прочитанного в формировании экологических представлений учащихся начальных классов. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2023. №. 3. С. 156-159.